# Түнкү ыр

Турам тыңшап селейип, үн катпастан,

Дирилдеткен кусалык добушуңду.

Чертким келди менин да ушул күүнү,

Бирок корком, албаймын комузумду.

Кайырма:

Жок, жок, менин уккум келет башкача үндү,

Жазгырбас жарыгына ишеничтүү.

Жок, жок, менин сезгим келет дүйнөдөгү,

Сагынычтын саргайбас албуут күчүн.

Коштоор элем мукамдуу батына албайм,

Үнсүз, тилсиз кысылат эт жүрөгүм.

Кимсиң деги, бейтааныш күндүр-түндүр,

Сагынычтан, кусадан алсыраткан?

Кайырма:

Турам тыңшап селейип үн катпастан,

Дирилдеткен кусалык добушуңду.

Чертким келди менин да ушул күүнү,

Бирок корком, албаймын комузумду.